УДК:8:89:894.341

Эгембердиева А.

*“Айгине” маданий-изилдөө борбору, Бишкек ш.*

# Н. ЖҮНДҮБАЕВАНЫН АЛГАЧКЫ КИТЕБИНДЕГИ ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮЛӨР

*Бул макалада адабиятка 60-жылдардын башында баш баккан акын Н.Жүндүбаеванын алгачкы акындык изденүүлөрү, андагы идеялык-тематикалык жана стилдик көрүнүштөр жөнүндө сөз болот.*

Алтымышынчы-жетимишинчи жылдар кыргыз адабиятында аялдар поэзиясынын жанданган мезгили болду. 1960-жылы Н.Жүндүбаеванын “Алгачкы жаңырык”, “Узатуу” деген эки китеби жарык көрдү. Биринчи китеби “Атпагын мерген эликти” аттуу ыры менен башталып, чаарчыгын эмизип турган эликти бала эмизген энеге салыштырат. Эненин балага болгон сүйүүсүн жаныбардын мисалында берип, монтоңдоп ойноп жүргөн улакты, ага ичи элжиреген энесин атпа деп мергенге өкүм сүйлөп:

“Биз эмес бейпил тынчтыкты,
Айбан да сүйөт, билемин.
Адамдын кылар иши эмес,
Өксүтүш өмүр жүрөгүн” [1, 4-б.],

- деп жыйынтыктайт. Кийинки ыры “Энемдин белеги” деп аталып, ата-энесинин чакыруусу менен балалыгы калган ата үйүнө баргандагысы, балалык жылуу эскерүүлөрү, ата-эненин кызына болгон сагынычы, өзүнүн башка бирөөнө бүлө болуп кеткени менен аларга дагы эле бала бойдон туюлаары, энесинин “Эми буга неберемди терметкин” деп бешик бергени баяндалып өтөт да, ыр:

“Деп энекем жалбарганда: “каралдым”
Кыял чымчып жалт ичимди карандым.
Көз алдыма келе калды элеси
Курсактагы туңгуч төрөөр баламдын” [1, 6-б.],

- деп жыйынтыкталат. Жогорку эки ырда берилген эне темасы китептин бүткүл тулку боюнда кызыл сызык сыяктуу үзүлбөй жүрүп отурат. Ал бирде “алтындан казына жыйнап, ак эмгекти билбесең, ар түркүн асылды таап, аны бирок адамча кийбесең, айдай сулуу жарды таап, баркына жетип сүйбөсөң, энеден эркек туулуп, бирок эл керегине жарабасаң, кара жаныңды бакканга ыраазы болсоң, ал жашоо эмес экендигин, жалкоо болуп көк тиктеп жатсаң, эне сүтүн актабагандык экендигин айткан” насаат катары, бирде бири өз энең, бири мекен энең катары, эки энеге милдеткердиги айтылат. Бул эки эне жөнүндөгү ой “Милдеттүүмүн”, “Өкүнөм” деген ырларында катар берилет. Аталган тема бирде лирикалык кейипкердин өз кызына кайрылуусу, жалынып-жалбаруусу, ичи эзиле эркелетүүсү катары берилет. Бул жагынан лирикалык кейипкер кечээги муун менен эртеңки муунду бири-бири менен байланыштырган, туташтырган көпүрө элесин берет. Өткөнгө милдеткердик кандай жогору болсо, келер муундун алдындагы милдет андан кем эмес. Өткөнгө болгон балалык сүйүү кандай жогору болсо, өзүнүн бүлөлөрүнө болгон энелик сүйүү андан ашса ашып, асты кемибейт. Мунусу менен акын турмуштун мыйзам ченемдүү өнүгүү ыраатын туюнтат.

Китептеги экинчи кеңири каралган тема эмгек экендигин байкоого болот. Бул дагы китептин башынан аягына чейин үзүлбөй жүрүп отурат. Жогоруда сөз болгон “Алтындан жыйнап казына, Ак эмгекти билбесең” эненин сүтүн актабагандыгың экендиги жөнүндөгү ыр, андан башка ондогон ырлардагы ушул маанидеги көптөгөн саптар акын үчүн эмгектин

баркы канчалык экендигин билгизет. “Партияма” деген ырдагы “Ажыдаар арбап тап берсе, Алдырбас айбат күчүмсүң. Эмгектин досу элиме Түгөнбөс, күзгү үзүрсүң!” [1, 10-б.] деген ой, коммунизм жарчысы катары радиого арнаган ырындагы “Булбул десем, жайда болсо кышта жок, Кайда анда эл милдетин ойломок, А сен болсоң, эмгектешип эл менен, Коммунизм жарчысысың душманга ок” [1, 13-б.] дегени, “Актайм, актайм эмгегиңди эки энем, Картаң ажал салбаса эле капканын” [1, 16-б.] деген саптарындагысы, “Эй курдаш жан! Эки келбес өмүрдө, Эмгектенчи, тирүүлүккө сүйүнбөй” [1, 17-б.] деп “Эмгектенчи эй, курдаш” деген ырындагы замандаш курбусуна кайрылуусу, “Эмгектенген эл акысын жебеген Жерим сенде түгөнбөгөн ырахат” [1, 19-б.] ж.б. саптары жогорку ойго мисал болот. Бул ой кээде бүтүндөй ыр тулкусун ээлесе, бирде ырды көзөп өткөн таасирдүү сап катары берилет. Акындын “Келчи сен да айылга” деген төмөнкү ырын толугу менен окуп көрөлү: “Бүтүп окуум кетип барам жайында, Көп жаңылык күтөт бизди айылда. Пейил күтпөй кол кармаша иштейли, Келчи сен да келеркиде айылга.//Адырдагы жыпар гүлдөр жайкалып, Көк ирим суу, көлдөр күтөт чайпалып, Обон салып ошо жерде бир жүрсөк, Жайы, кышы колхоз малын кайтарып.//Тентек сууну тегерете байласак, Тектирлерге ыкшап эгин айдасак. Жалбырактуу жашыл чынар теректин Бутагында булбул болуп сайрасак.//Көк арчадай сабагынан күбүлбөй, Өмүр гүлдөйт кырдын кызыл гүлүндөй. Келчи курбум окууң бүтүп айылга, Талай жолу таба билсек айылда [1, 14-б.].

Ырдан айыл картинасы көз алдыга тартылат. Айылдын ырахаты ошол майда түйшүктөрү, эмгекти талап кылган жан-жаратылыш, табияты менен бирге берилет. Айылга болгон агедил сагыныч, сүйүү, жакындык андагы ар көрүнүштүн ырда жылуу сүрөттөлүшүн, баяндалышын шарттайт. Акындын ырынан мал багуунун, дыйканчылык кылуунун, багбанчылыктын, мурапчылыктын кесиптик ырахаты сезилет. Ошол эмгек менен таалайга жетүүгө болорлугу жөнүндөгү ой жыйынтыктоочу саптардан байкалат. Ыр эмгек темасына арналганы менен, ал бир жагынан пейзаждык ыр дагы болуп саналат. Мында милдеттүү түрдө табияттын көрүнүшү сүрөттөлбөгөнү менен, тышкы дүйнөнүн эркин көрүнүшүнүн көз алдыга тартылып жатышынын өзү анын пейзаждык ыр экендигин күбөлөйт. Ушул ой Е.Н.Себинанын макаласында берилет, ал мындай деп жазат: “Традиционно под пейзажом понимается изображение природы, но это не совсем точно, что подчеркивает сама этимология (фр. Paysage, от pays – страна, местность) и что, к сожалению, редко учитывается в определениях понятия. Как справедливо указывает Л.М.Щемелева, пейзаж – это описание “любого незамкнутого пространства внешнего мира” [2, 272-б.]. За исключением так называемого дикого пейзажа, описание природы обычно вбирает в себя образы вещей, созданных человеком” [3, 536-б.]. Демек, айыл пейзажын чагылдырган жогорку ырда өтмө катар эмгек темасы дагы терең берилет.

Акындын ырларынан ар түрдүү кесип ээлерин көрүүгө болот. “Корукчу менен сүйлөшүү”, “Шыбакчы”, “Орок-балка”, “Жаздын көркү салтанат”, “Алма”, “Жез оймоктор жаратат”, “Гүлдөй бергин жаш чынар”, “Эл сынасын чеберди”, “Мезгил сөзү”, “Такты милдет”, “Деңиз сакчыларына”, “Бүбүсарага”, “Жаш дарак”, “Кетчүдөй эмес оюмдан”, “Баатыр курбума”, “Аяба”, “Өмүр досу”, “Курбума”, “Акын иниме”, “Комузга”, “Короо четинде”, “Жообуңду берчи жашырбай” деген ырлары аталган темага арналган. Бул ырлардан корукчу, шыбакчы, малчы, дыйкан, багбан, уз, деңиз сакчысы, бийчи, врач, акын, комузчу, комбайнчы, чабан сыяктуу кесиптердин ардактуу жактары ырга салынат.

“Жумшактап алдын кык төгүп,
Өткөн жаз тиккем кырк өрүк.
Быйылкы жазда бүр байлап,
Өсүптүр баары көйкөлүп” [1, 46-б.],

- деген саптарынан байкалгандай, эмгек темасына келгенде акындын калеми элпек шилтенет. Ыр уккулуктуу, жеңил, жугумдуу, элестүү. Жаз алды менен чарбачылык кылуунун ырахаты ачылат.

“Туландуу түздүк өрүгө Апаппак пункт тургузуп, Кыялда сүйгөн жар менен Кыркында жүрсөң бир кызык.//Жайлоонун жашыл төрүндө Жайылып жаткан мал кызык. Адырдын ышкын, согонун Аралап терсең ал кызык.// Эгиздеп козу көп алып, Кой төлдөтсөң эң кызык. Колхозум өсүп байыса, Баарыбызга тең кызык.//Трактор минип бозойлор, Кыртышты тилип дың бузса, Сеялка менен тукум сээп Селкилер жүрсө кызык да!” [1, 29-б.], - дейт акын “Кызык” аттуу ырында. Акын турмуштун ырахатын гана көрөт. Кыркында иштөөнү, кой төлдөтүп, мал багууну, трактор айдоону, жер себүүнү ал түйшүк көрбөйт. Турмуштан, жарыкчылыктан кандай жакшы гана нерселерди көрсө, акын эмгектин кайсы гана түрүн болбосун жылуу сөзгө алат. Ишке, заманага мындай романтикалуу мамиле кыргыз адабиятынын отузунчу жылдардагы тажрыйбасын эске салат. Кыргыздын туңгуч акындарынын эмгек шарданында жалаң көтөрүңкү маанай жараткан ырлары алтымышынчы жылдары алардын калеминен жаралган такыр башка, бийик темаларга, ойлорго орун берип жаткан. Айталы, “Жылдыздарга саякат”, “Космостук манифест” сыяктуу “аягы айды чапчыган” ыр туундулары жаралып, коомчулуктун көңүлүн буруп жаткан кезде, же болбосо ГЭСтер, БАМдар сүрөттөлүп, эмгектин такыр башка шарданы, темпи ырга салынып жаткан кезде акын кыздын айыл төрүндөгү көндүм түйшүктөрдү сөз кылып жатышы кыздар поэзиясынын жигиттер чаап кеткен жолду абай басып келаткандыгын байкатат.

Эмгек темасы жадагалса акындын сүйүү ырлары менен да эриш-аркак берилет. Акындын “Көрүнчү көзгө аппагым” деген ырын окуйлу: “Мелтиреген көк жайык, Мен жүрөм анда уй жайып, Дилгирмин сага баруута Чолоом тийбейт кылайып.//Абасын искеп тасманын, Гүлдөрүн үзүп асканын Жибердим белек сыр кылып, Жигердүү жигит байкагын. //Талаанын тилип кыртышын, Ачканда түшүм кулпусун, Эсиңден чыгып калдымбы Эстечи мени жылдызым. //Укпадым сөзүн башканын, Убайым тартып какшадым. Иш аяктап калды го, Көрүнчү көзгө аппагым” [1, 67-б.].

Же болбосо, “Колуңду берчи кыйнабай” деген ырындагы: “Көйкөлгөн чөптү аралап, Чалгы чаап, селким, жүрөмүн. Артыкча сүйүп, ак тилеп, Арнадым сага жүрөгүм.//Сеңселип желге сайма гүл, Жыпар бир жыты буркурап, Сүрөтүң тартып көзүмө Сүйдүрүп улам кулпунат. //Мелдешип чалгы тартканда, Элесиң кубат көңүлгө, Угулуп күлкүң кайдандыр, Эм болгонсуйт өмүргө. //Алтын болуп кетсе да, Алмашпайм гүлдүн гүлүнө. Колуңду берчи кыйнабай, Түбөлүк өмүр сүрүүгө [1, 71-б.].

Көрүнүп тургандай, акындын ырларынын кейипкерлери сүйсө да уй жайып жүрүп, чалгы чаап жүрүп сүйөт. Эмгекке байланышпаган бардык нерселер жат көрүнөт. Кымбат адамына барууга дилгир болсо да, “чолоосу тийбейт”. Ал сүйүүдөн дагы, биринчи орунга эмгекти коёт. Анын каалаган өңүтү романтикалык маанайда сүрөттөлөт.

Акындын ырларына элестүүлүк мүнөздүү. Жеңил ыргактуу ырларынын көркөмдүк мүнөзү, маанайы алардын авторунун кечээ жакында эле фольклордон суурулуп чыккандыгын, ал фольклорго атайлап кайрылбастан, турган турушу менен башынан эле анын койнунда торолгондугун, элеттик карапайым, жөнөкөй тил өзүнүн миң кырдуу сырын акындын саптарынан ачып жүрүп отурганын байкатат.

Жогорку ырдын акыркы куплетин окуганда кийинки учурдун махабатка жеңил баа мамилесин эмес, бабалардын ага карата астейдил, каймана мамилесин байкайбыз. “Алтын болуп кетсе да, Алмашпайм гүлдүн гүлүнө” деп каалаган аял заты ашык жарынан угууга дилгир болгон жылуу сөздүн күчү ырга, андагы сезимдерге, лирикалык кейипкердин ниетине окурманын ишендирет.

Акындын “Сен” деген төмөнкү ыры айрыкча уккулуктуу, окумдуу, көркөм, терең, жеткиликтүү, философиялуу: “Үй көркүн берип жаркырап, Үркөрдөй күйөт шам чырак. Жарыкка жарчы болчудай, Асманда калкып ай жылат. Чырак да өчөт, таң атат, Сумсайып сулуу ай батат. Бербестей түнгө өз ордун Белеске нурун күн чачат. Канчалык нурдуу болсо да, Күн ордун кайра түн басат. Өзгөгө ордун бербеген, Өмүрү бирге эл менен, Түбөлүк күйөөр дүйнөлүк – Марксизм өчпөс сен [1, 21-б.].

Ыр традициялуу ыкмада жазылган. Терме сыңар куюлушуп берилген ой, андагы философиялык терендик, дүйнө картинасын өзүндөй жөнөкөй тартып берүү барып келип, акыркы эки сапта күтпөгөндөй жыйынтыкталат. Марксизмдин баа-баркы күндүн нурунан дагы нурлуу катары абсолютташтырылып, апыртылат. Муну менен акын өзүнүн коомуна, андагы баалуулуктарга мамилесин байкатат. Демек, "Партияма", "Өчпөс шам" ырларынын мазмунуна атайын токтолуп отурбасак деле, андагы маанай, маңыз ансыз да түшүнүктүү.

Акындын китебинде булардан тышкары тынчтык темасындагы ырлары орун алган. Ырлар салттуу 8, 11 муундардан турат. "Партия ким", "Акын иниме" деген ырларынын саптарын гана тепкичтентип, шаты таризинде бергени болбосо, калган ырлары кадимки кыргыз ырларынын түр-түспөлүн көргөзөт.

"Акын болсоң, Акыл көлүн аралап, Шуру сүзбөй, тунук, таза бермет сүз! Кооз гүлдөн Жыл болсо да бирди үз!//Акын жолу Асфальтталган жол эмес. Миң тепкичтүү Өмүр сыры эмеспи. Турмуш көркүн, Таалай күнүн чагылтып, Ырың менен Бергин чындык элести" [1, 54-б.].

Акын шатылап, биз жөнөкөй берген бул ырда акындын ырга болгон мамилеси айкын туюлат. Анын "Алгачкы жаңырыгы" - акындыктын акын өзү туу туткан принциптерине толук жооп берген ийгиликтүү китеп. Адатта алгачкы китепке мүнөздүү тажрыйбасыздыктын белгилери китепте байкалбайт. Балким, бул акындын туңгуч китебин жетилип, бышып-толуп турган курагында - кырк жаштан кийин чыгаргандыгына, ага чейинки даярдыктарына байланыштуу.

**Адабияттар:**

1. Жүндүбаева Н. Алгачкы жаңырык. – Ф.: Кырмамбас, 1960.
2. Пейзаж // Литературный энциклопедический словарь. -М., 1987.
3. Себина Е.Н. Пейзаж. В книге: Фесенко Э.Я. Теория литературы. – М.: Академический Проект, 2008.
4. Унурова Ч. Ата-Журт кайрыктары. //Кыргызстан маданияты. 1983, 2-июнь.